Тиркеме
(Майлуу-Суу шаардык кеңешинин
2022-жылдын 15-апрелиндеги
№ 8-9-3 токтомуна)

**Майлуу-Суу шаарынын Үй жаныбарлардын жана канаттуулардын багуу**

**Эрежелери**

## ЖАЛПЫ БӨЛҮМ

Майлуу-Суу шаарындагы үй жаныбарларын жана канаттууларды кармоо эрежелери (мындан ары - Эреже) Кыргыз Республикасынын "Ветеринария жөнүндө", Кыргыз Республикасынын "Жаныбарларды жана жаныбарлардан алынган азыктарды идентификациялоо жөнүндө" мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын "жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын, Санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдеринин негизинде иштелип чыкты.

Эреже, Майлуу-Суу шаарында эпизоотиялык жана эпидемиологиялык бакубаттыкты камсыздоо боюнча, курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча ветеринардык-санитардык маселелерди чечүү боюнча мамлекеттик, коомдук, чарбалык жана атайын иш-чаралардын комплексин өзүнө камтыйт.

Бул эреже Майлуу-Суу шаарынын аймагында жаныбарларды жана канаттууларды кармоого, эксплуатациялоого, ошондой эле жаныбарлардан алынган продуктуларды жана чийки заттарды өндүрүүгө, даярдоого, кайра иштетүүгө, ташууга, сактоого жана сатууга катышкан бардык юридикалык жана жеке жактардын аткарышы үчүн милдеттүү болуп саналат.

## I БӨЛҮМ

### Азык берүүчү жаныбарларды жана канаттууларды багуу эрежелери

1. Азык берүүчү жаныбарлар булар ири мүйүздү малдар, жылкылар, кой,эчкилер жана чочколор болуп эсептелинет. Үй жаныбарларын жана

канаттууларды камтыган жарандар, ишканалар жана уюмдар, менчигинин формасына жана ведомстволук таандуулугуна карабастан төмөнкүдөй **эрежелерди сактоого милдеттүү**:

1.1. Жаныбарларды жана канаттууларды атайын жабдылган жабык жайларда кармоого, мектептерден, мектепке чейинки жана дарылоо мекемелеринен, соода, коомдук тамактануу ишканаларынан 50 метрден жакын эмес, ошондой эле коңшу турак үйдүн жакынкы терезесинен жана эшигинен 20 метрден жакын эмес жайгашкан имарат жайларда багууга;

1.2. Мал кармаган жайларда мезгил-мезгили менен дубалдарды актоо ишин жүргүзүү, жаз-жай мезгилиндеги профилактикалык дезинфекциялоо жана дезинсекциялоо, жайларды жууп тазалоо менен күн сайын механикалык тазалоодон өткөрүү;

1.3. Кык жана кык үчүн сактоочу жайларды жабдуу. Кыкты убактылуу жыйноочу жерлер терезелерден 20 метрден кем эмес аралыкта жана бетон аянтчаларында жайгашууга тийиш же болбосо атайын контейнерлерде сакталып, андан ары жумасына 2 жолудан кем эмес шаардык таштанды топтоочу жайга таштоо;

1.4. Малды жана канаттууларды ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча ыйгарым укуктуу органдын кызматкерлерине жана жеке ветеринардык дарыгерлерге пландуу жана пландан тышкаркы дарылоо-профилактикалык иш-чараларды өткөрүү үчүн берүүгө;

1.5 Жогорудагы эрежелерди эшек кармаган шаар тургундарына да сактоого милдетүү.

2. **Жаныбарлардын жана канаттуулардын ээлерине тыюу салынат:**

2.1. Малды жана канаттууларды көп кабаттуу үйлөрдө, жалпы пайдаланууга берилген жер тилкелеринде, балабакчаларда жана башка мекемелерде, ошондой эле коомдук тамактануу жана соода ишканаларынын аймагында, дарылоочу жерлерде кармоого тыюу салынат. (декоративдик жана тажрыйба кылынуучу жаныбарлар бар мекемелерден тышкары);

2.2. Малды жана канаттууларды шаардын көчөлөрүндө, көк шиберлерде, парктарда жана жарандардын эс алуу жайларында, ошондой эле шаардын коомдук аймактарында жаюуга;

2.3. Суу колонкаларда, бассейндер, көлдөрдө жана башка коомдук жерлерде малды, канаттууларды сугарууга жана сууга сүзүүгө;

2.4. Жергиликтүү администрациянын жана ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча ыйгарым укуктуу органдарынын уруксатысыз жеке адамдар тарабынан уулуу жана жырткыч жаныбарларды кармоого;

2.5. Мал союлуучу жайлардан сырткары ветеринардык көзөмөл органдарынын уруксаты жок малды массалык түрдө союу катуу тыюу салынат;

2.6. Малды жана канаттууларды сатып алуу-сатуу жана жарманкелерди уюштуруу ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча ыйгарым укуктуу органдын уруксатысыз өткөрүүгө тыюу салынат.

2.7. Ушул жобонун талаптары бузулган учурда жана шаар аймагында көзөмөлсүз жүргөн мал жандыктар тийиштүү орган тарабынан кармалгандан кийин малдын санына карабай мал ээсине укук бузуулар кодексинин негизинде эскертүүгө же жеке жактарга 55 эсептик көрсөткүч ( 5 500 сом), юридикалык жактарга 170 эсептик көрсөткүч (17 000 сом) өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

## Ⅱ БӨЛҮМ

## Майлуу-Суу шаарында иттерди жана мышыктарды багуу эрежелери

**3.Жаныбарлардын ээлери милдеттүү түрдө:**

3.1. Мышыктарды жана иттерди шаардык ветеринардык дарылоочу жайларга жана жеке ветеринар врачтарга жылына бир жолу кутурма оорусуна каршы эмдөө үчүн Инструкцияга ылайык эхинококкозго каршы дегельминтизациялоо. Ошондой эле үй шартында жаныбарлардын курагына, салмагына ылайык пландуу профилактика дегельминтизациялоону өткөрүүгө;

3.2. Иттерди багууда жана сейилдөөдө ветеринардык-санитардык жана санитардык-гигиеналык ченемдерди сактоого.

3.3. Ири, кароолчу жана атайын урушка багылган иттерди 12 жашынан кем эмес жашка толгон жарандардын коштоосу менен гана тумшук кап кийгизип

алып жүрүү, ал эми кичинекей зулумдугу жок иттерди байлап коштоп жүрүү. Ар бир ит ээси шаар аймагында иттерди ээрчитип жүргөн убакта иттин калдыгын милдеттүү тазалоо. Иттерди ээрчитип жүргөн убакта шаар тургундарынын тынчтыгын жана коопсуздугун камсыз кылуу. Саат 22:00 тартып саат 07:00 чейинки мезгилде тынчтыкты сактап эрчитүүгө

3.4. Үй короодо бекем байланган чынжырчада иттерди кармоо, алардын качууга жана адамдарга, жаныбарларга зыян келтирип тиштеп алуу коркунучун жок кылуу. Жаныбарды жеке үйдүн аймагында кармоодо ээлик кылуучу, жаныбардын качуусуна шарттарды камсыз кылууга тийиш.

3.5. Ит (мышык) ооруп калган убакта, адамдарды же айбанаттарды тиштеп алган убакта жашаган жериндеги ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча ыйгарым укуктуу органга дароо билдирүүгө милдеттүү.

3.6. Көп батирлүү турак жай үйлөрүндө иттердин ээлери тынчтыкты камсыздашы керек.

3.7. Иттин ээси жол-транспорт кырсыктарын алдын алуу үчүн жол бойлоп өткөн убакта итти өзүнө жакын кармап өтүүгө милдеттүү.

3.8. Дүкөндөргө жана башка мекемелерге кирген убакта итти кыска байлап жана тумшук кап кийгизип убактылуу мөөнөткө сыртка калтырууга тийиш.

**4.Тыюу салынат:**

4.1. Иттерди жана мышыктарды коомдук тамактануучу, базарларда, балдар оюной турган аянттарында багууга жана сейилдетүүгө тыюу салынат;

4.2. Кирип-чыгуу эшиктери бир болгон жалпы жатаканаларда, чакан үй-бүлөлүк мейманкана түрүндөгү жатаканаларда ит(мышык) багууга тыюуу салынат;

4.3. Эгер кошуналардын медициналык каршы көрсөтүүлөрү болсо (аллергия ж. б.) ит(мышыктарды) көп кабаттуу үйлөрдө багууга тыюу салынат;

4.4. Көргөзмөлөрдү жана башка демонстрациялык иш-чараларды өткөрүү ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча ыйгарым укуктуу органдын макулдашуусуз өткөрүүгө;

4.5. Иттерди 12 жашка чейинки курактагы балдар жана мас абалдагы адамдар жетелеп жүрүүгө тыюу салынат.

## III БӨЛҮМ

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, шаардык кызматтарынын милдеттери жана укуктары

**5. Аймактык башкармалыктар, Аймактык коомдук кеңештер, кварталдык, турак жай комитеттер:**

5.1. Ушул Эреженин негизинде жаныбарларды кармоого тыюу салынган аймакты көзөмөлдөйт;

5.2. Ооруп калган иттерди(мышыктар) кармоодо кармоочуга көмөк көрсөтөт;

5.3. Каттоодон жана иттердин кутуруу оорусуна каршы вакцинациядан өткөрүүнү жашырган ээлери жөнүндө жана аларды кармоо эрежелерин бузуулгандыгы жөнүндө аңчылар коомуна, ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча ыйгарым укуктуу органга, шаардык ички иштер башкармалыктарына кабарлашат;

5.6. Өз аймагында ээлери жок, кароосуз иттер менен мышыктар бар экендиги жөнүндө маалымат беришет;

5.7. Ушул эрежени шаар тургундарына көрүнүктүү жерге илип, ээлери жок иттер(мышыктар) менен иштеген мекеменин даректерин жана телефон номерлерин маалымат жеткизүүнү камсыздашат,;

**6. Майлуу-Суу шаардык Горжилзеленстрой мекемеси төмөнкүлөргө милдеттүү:**

6.1 Шаар аймагында көзөмөлсүз жүргөн мал жандыктарды кармоого (түрүнө карабастан) жана бул үчүн атайын бөлүнгөн жерге жеткирүүнү камсыз кылууга;

6.2 Шаар аймагында көзөмөлсүз, эркин жүргөн иттерди жана мышыктарды лицензиясы бар аңчылар коомунун жардамы менен атуу (тиешелүүлүгүнө жана багытына карабастан, көчөлөрдү, базарларды, бактарды, гүлбактарды жана башка коомдук жерлерде жүргөн ит мышыктар көзөмөлсүз, эркин

жүргөндөр деп эсептелинет). Жаныбарлардын өлүктөрүн шаар аймагындагы атайын көмүүчү жерге көмүү иштерин жүргүзүү.

6.3. Милдеттүү түрдө иттерди атуу убагын бир күн мурда Мэрияга жана шаар тургундарына маалымат берүү;

6.4. Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча ыйгарым укуктуу органдын талабы боюнча батирлерден жана башка жерлерден оорулуу жана кутурма ооруга шектүү иттерди жана мышыктарды ээсинен алуу.

6.5. Шаар аймагында көзөмөлсүз жүргөн мал жандыктарды кармаган учурдан баштап каттоого алууга, Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча ыйгарым укуктуу органдын жардамы менен мал жандыктардын ээсин аныктоого;

6.6. Шаар тургундары ушул эрежени бузган учурларда Майлуу-Суу шаардык “Горжилзеленстрой” мекемеси Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык мал жандыктардын ээлерине айып пул салууга укуктуу.

## 7. Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча ыйгарым укуктуу органдын милдеттери:

7.1. Ветеринария жөнүндө Мыйзамды жана тиешелүү укуктук мамилелерди жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын башка мыйзам актыларын сактоого.

7.2. Жаныбарлардын жугуштуу ооруларынын пайда болушунун алдын алуу, таралышы жана жоюулушу боюнча алдын алуу, эпизоотияга каршы, ветеринардык-санитардык, жана башка иш-чараларды уюштуруу жана жүргүзүү;

7.4 Адамдардын жана жаныбарлардын жалпы жугуштуу жана инвазиондук оорулары аныкталган учурларда, санитариялык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө боюнча шаардык органдын тиешелүү иш-чараларды көрүү үчүн шашылыш билдирүү берүүгө;

7.5 Санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл боюнча шаардык орган менен бирдикте 1.1-пункттун аткарылышын көзөмөлдөйт;

7.8. Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык кызмат адамдарына жана жарандарга алар эрежелерди, карантиндин шарттарын, башка ветеринардык-санитардык эрежелерди, жаныбарлардын

жугуштуу ооруларынын алдын алуу жана ага каршы күрөшүү маселелери боюнча мэриянын чечимдерин бузган учурларда айып акы салууга;

7.9. Ветеринария мыйзамдарында каралган учурларда, жаныбарлардан алынчу продуктуларды жана сырьелорду даярдоого, ташып чыгууга, ошондой эле малды жана канаттууларды союуга, жаныбарларды жана мал чарбачылыгынын продукттарын тийешелүү эмес жерде сатууга тыюу салууга.

8. Шаар аймагында көзөмөлсүз жүргөн мал жандыктардын ээлерин аныктоо боюнча Майлуу-Суу шаардык “Горжилзеленстрой” мекемесине көмөк көрсөтөт

**Корутунду бөлүгү**

Ушул эрежелердин аткарылышына көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруучу кызмат адамдарына, мамлекеттик органдар, коомдук уюмдар жана жарандар тарабынан алардын мыйзамдуу ишине тоскоолдук кылуу максатында кандай гана формада болбосун таасир этүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартууга алып келет.

Мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын мыйзамга терс аракеттерине даттануу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

Шаардын мэри Н. Умаров